Педагогикалык кеңешмеде

кабыл алынды

протокол №1 30.08.21

Бекитемин

Мектеп директору

_______ Ф. Ж. Омуркулова

**Жайыл негизги мектеби**

**Мектепте ички көзөмөл жүргүзүү жөнүндө**

**Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана негизги билим берүү программасына ылайык иштелип чыккан.Мектептин жана мектеп ичиндеги контролдун мазмунун жана тартибин жөнгө салат.

1.2. Мектеп ичиндеги текшерүү окуу тарбия процессинин абалын изилдөө үчүн маалыматтын негизги булагы, мектептин негизги натыйжалары болуп саналдат.Мектеп ичиндеги текшерүү – мектеп администрациясынын мүчөлөрү тарабынан мектеп кызматкерлеринин КРнын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларынын, уюштуруучулуктун сакталышын контролдоо тартибинде жүзөго ашырылган иш.

**1.3. Мектеп ичиндеги текшерүүнүн максаттары :**

- Мектептин ишмердүүлүгүн жакшыртуу;
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу;
- Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

**1.4 Мектеп ичиндеги текшерүунун милдеттери:**

- Билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышын кароо, ишке ашыруу;
- Педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын изилдөө, окуу тарбия процессин уюштуруудагы оң жана терс тенденцияларды аныктоо жана анын негизинде педагогикалык тажрыйбаны жайылтуу жана терс көрүнүштөрдү жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
- Мектеп боюнча буйруктардын жана көрсөтмөлөрдүн аткарылышынын жыйынтыгын талдоо.
- Жалпы педагогикалык жамаатка методикалык жардам көрсотүү.

**1.5 Мектеп ичиндеги текшерүүнүн функциялары**

- Маалыматтык-аналитикалык;
- Диагностикалык;

**1.6 Мектептин директору жана анын тапшырмасы боюнча директордун орун басарлары кызматкерлердин ишинин төмөнкүдөй натыйжаларына мектеп ичиндеги текшерүүнү жүзөгө ашырууга укуктуу:**

- Билим берүү жаатында КРнын  мыйзамдарын сактоо;
- Билим берүү тармагындагы саясатты ишке ашыруу;
- Каржылык жана материалдык  ресурстарды  ченемдерге ылайык пайдалануу;
- Окуу процессинде  методикалык колдоону колдонуу;
- Бекитилген окуу программаларын  жана  окуу пландарын  ишке ашыруу, бекитилген  сабактардын жүгүртмөсүн сактоо;
- Мектептин уставын, ички  эмгек тартибин жана башка  жергиликтүү актыларды сактоо;

**1.7  Мектеп ичинде  текшерүүнүн жүрүшүндө   мугалимди баалоодо төмөнкүлөр эске алынат**

* Мамлекеттик программаларды толук ишке ашыруу;

* окуучулардын билиминин , көндүмдөрүнүн жана өнүгүүсүнүн деңгээли;

* окуучулардын жалпы билим берүү жөндөмүнө ээ болушу;

* окуу процессинде  окуучуларга   дифференциаланган мамиле;

* мугалим менен окуучунун биргелешкен  ишмердүүлүгү;

* окуу материалынын  мазмунун  тандап алуу жөндөмү4

* педагогикалык кырдаалды талдоо, ой жүгүртүү, педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжаларына өз алдынча  көзөмөл жүргүзүү;

* өз ишмердүүлүгүн оңдоо мүмкүнчүлүгү;

* өнүктүрүү планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

**1.8 Мугалимдин ишмердүүлүгүн  контролдоо  ыкмалары:**

- суроо берүү

- тестирлөө

-мониторинг

1.9. мектеп ичиндеги текшерүү  пландуу же  административдик  иш түрүндө  жүргүзүлүшү мүмкүн .Пландуу текшерүү түрүндөгү  мектеп ичиндеги контролдоо  бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт.Бул мезгилдүүлүктү  камсыз кылат .

План окуу жылынын башталышында  педагогикалык коллективдин мүчөлөрүнө берилет.

**1.10. Мектеп ичиндеги текшерүүнүн эрежелери:**

* мектеп ичиндеги көзөмөлдү мектептин директору же анын тапшырмасы боюнча окуу тарбия иштери боюнча орун басарлары, усулдук бирикменин жетекчилери жүргүзөт.

*директор алдындагы текшерүүнүн мөөнөтү жана предмети жөнүндө буйрук чыгарат, жыйынтыктоочу материалдарды берүүнүн мөөнөтүн белгилейт

*тематикалык же комплекстүү текшерүүлөрдүн узактыгы 5 тен ашык эмес сабактарга , класстарга жана башка иш чараларга катышуу менен 5-10 күндөн ашпоо керек.

*ички текшерүүдө КРнын билим берүү мыйзамдарын бузуулар болсо, мектеп директоруна билдирилет.

**2. Жеке кесиптик контрол**

2.1. Жеке жана кесиптик көзөмөл –педагогикалык изилдөө жана талдоо жеке мугалимдин ишмердүүлүгү.

2.2. Жеке көзөмөлдүн жүрүшүндө төмөнкүлөр изилденет:

* мугалимдин психологиялык жана заманбап жетишкендиктерин билүү деңгээли;

* педагогикалык илими, кесиптик чеберчилиги;

* мугалимдин өнүктүрүүчү окутуу технологияларын өздөштүрүү деңгээли;

* мугалимдин ишинин натыйжалары жана ага жетүү жолдору;

* окутуунун ар кандай формалары аркылуу квалификацияны жогорулатуу;

**3. Жеке көзөмөлдү жүргүзүүдө жетекчи төмөнкүлөргө укуктуу**

*функционалдык милдеттерине ылайык иш кагаздары менен таанышууга;

*иш программалары, сабак пландары, класстык журналдар, күндөлүктөр жана окуучулардын дептерлери, ата-энелер чогулушунун протоколдору ;

* мугалимдердин ишмердүүлүгүн изилдөө;

* класстан тышкаркы өткөрүлгөн иштер;

3.1. Педагогикалык ишмердүүлүккө экспертиза жүргүзүү:

* кийинки талдоо менен окуу процессине мониторинг жүргүзүү

3.2. Алынган маалыматтын негизи:

* социалдык ,психологиялык, педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруу;

* окуучуларды , ата-энелерди , мугалимдерди суроо, тестирлөө

*жыйынтык чыгарууга жана  башкаруу чечимдерин кабыл алууга;

**4. Текшерилип жаткан мугалим төмөнкүлөргө укуктуу**:

4.1. текшерүүнүн шарттарын жана өз ишин баалоо критерийлерин билүүгө;

4.2. текшерүүнүн максатын, мазмунун , түрлөрүн, формаларын жана ыкмаларын билүүгө;

4.3. администрациянын корутундулары жана сунуштары  менен өз убагында таанышууга;

**5. Тематикалык текшерүү:**

5.1. Мектептин жеке маселелери боюнча тематикалык көзөмөл жүргүзүлөт;

5.2. Тематикалык контролдун мазмуну индивидуалдаштыруу, дифференциациалоо, окуучулардын ашыкча  жүктөөсүн, деңгээлин жоюу, жалпы билим берүү жөндөмдөрүн  жана  көндүмдөрүн, таанып  билүүсүн активдештирүү калыптанган иш чаралар, ж.б

5.3. Тематикалык текшерүүнүн жыйынтыгы  корутунду же  маалымкат түрүндө тариздeлет.

5.4.Жалпы педагогикалык курам  педагогикалык кеңешмеде , директор алдындагы кеңешмеде  тематикалык текшерүүнүн  жыйынтыгы менен тааныштырылат.

5.5. тематикалык текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча багытталган  окуу процессин өркүндөтүү, билим сапатын жогорулатуу, окуучуларды тарбиялоонун  деңгээлин жогорулатуу боюнча чаралар көрүлөт.

**6. Класстык жалпылоочу текшерүү:**

6.1. Жалпылоочу текшерүүнүн жүрүшүндө жетекчи бүтүндөй класcты изилдейт;

6.2. Класстагы өтүлгөн тарбиялык иштерди;

6.3. Предметтик мугалимдердин ишмердүүлүгүн;

6.4. Мугалим менен окуучунун кызматташуусу;

6.5. Класстык коллективдеги  социалдык- психологиялык абал;

6.6. Класстык жалпылоочу текшерүүнүн жыйынтыгы  боюнча  класстык сааттар, окуу бөлүм башчысы менен сүйлөшүү, ата-энелер чогулуштары өткөрүлөт.

6.7. Комплекстик текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча маалымкат түзүлөт, анын негизинде мектеп директору буйрук чыгарат жана мугалимдер кеңешин, директор же завуч менен кеңешме өткөрөт.

6.8. Берилген эскертүүлөр аткарылган соң бул буйрук контролдон чыгарылат.